**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ДЖ.АЛЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.18.572 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
**УДК: 336.74:331.556(575.2)**

**Атабаева Гульназ Кенешбековна**

# Мигранттардын акчалай которууларынын Кыргызстандын экономикалык өсүшүнө тийгизген таасири

08.00.01 – экономикалык теория

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин
**Автореферaты**

**Бишкек - 2018**

Диссертациялык иш Ала-Тоо эл аралык университетинин “Экономикалык теория” кафедрасында даярдалды.

**Илимий жетекчи:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Мусаева Джаркинай Асановна**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору
**Шатманов Искендер Садыбакасович**

экономика илимдеринин кандидаты
**Беспалов Дмитрий Александрович**

**Жетектөөчү уюм:** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университетинин “Экономикалык теориялар жана дүйнөлүк экономикалар” кафедрасы, дареги: Бишкек ш., 720033, Тоголок Молдо көч., 58

Диссертациялык иш 2018-жылдын 26-октябрында саат 14:00дө экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасынын изденип алуу үчүн диссертацияларын коргоо боюнча КР УИА Дж. Алышбаев атындагы Экономика институту жана Кыргызстан Эл аралык университетине караштуу түзүлгөн Д.08.18.572 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот, дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй пр., 265 а, диссертациялык зал (1-кабат).

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышса болот, дареги: 720071, Бишкек, Чүй проспекти, 265 а. ошондой эле www.naskr.kg сайтында

Автореферааты 2018-жылдын 26-сентябрында жиберилди.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**экономика илимдеринин кандидаты** **А.Ж. Оторчиева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Трансформациялуу экономикалуу өлкөлөрдө анын ичинде Кыргыз Республикасында эмгек миграциясынын жана акчалай которуулардын проблемалары шексиз түрдө актуалдуу жана жеткиликтүү изилденбеген болуп эсептелет.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу заманбап этапта КМШ мамлекеттеринин өлкөлөрүнүн экономикалык өнүгүүсүндө ВВПнын көлөмүнүн инвестициясына, керектөөгө, импортко, мамлекеттик бюджетке жана социалдык-экономикалык байланыштардын көптөгөн башка чөйрөлөрүнө олуттуу таасир эткен эмгек мигранттарынын акчалай которуулары актуалдуу ролду ойнойт.

Практика көргөзгөндөй, мигранттарды кабыл алган өлкөлөр үчүн ал тургай төмөнкү квалификациялуу жумушчу күчтөрүн пайдалануу дээрлик бардык тармактарда өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү жана чыгымдардын төмөндөөсүнүн эсебинен, баарынан мурда майда соода, жашоо-коммуналдык чарбалардын кызматтарынын чөйрөсү жана башкалар сыяктуу тармактарда. Мигранттардын кирешелери өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндө жана жакырчылыктын кыскарышында маанилүү роль ойнойт.

Бүгүнкү күндө эмгек мигранттарынан келген акчалай которууларга тиешелүү систематикалуу изилдөөлөр жетишсиз. Азыркы убакта Кыргыз Республикасында мигранттардын акчалай которуулары боюнча эмпирикалык маалыматтар аз жана которууга байланыштуу көптөгөн суроолор ачык бойдон калууда. Акчалай которуулар жөнүндөгү маалыматтардын расмий булагы болуп Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептелет

Миграциянын жана экономикалык өсүштүн проблемалары боюнча көптөгөн классик жана заманбап окумуштуу-экономисттер изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Акчалай которуулар менен экономикалык өсүштүн өз ара мамилелерин изилдөөдө жергиликтүү жана чет элдик окумуштуулардын ар кайсы мезгилге таандык эмгектери маанилүү роль ойнойт: К. Маркс, Дж. М. Кейнс, Т. Мэн, Ф. Кэне, Д. Дрейч, Б. Олин, Д. Мид, Р. Нурксе, К. Иверсен, Р. Манделл, А.С. Гальчинский, В.И. Кушлин, В.В. Перская, Е.Г. Ищенко, А.Н. Фоломьев, С.В. Костюченко, В.Д. Андрианов, А.В. Данильцев ж.б..

Иштери өзгөчө көңүл бура турган окумуштуулардын ичинен Ж.А.Зайончковская, Т.И.Заславская, И.В. Ивахнюк, В.А.Ионцев, А.Н. Каменский, А.Я.Кваш, В.И. Переведенцев, Э.П. Плетнев, Л.Л.Рыбаковский, О.В.Староверов, А.П.Судоплатов, В.А.Тишков, Б.С.Хорев жана башкалардын публикацияларын бөлүп көргөзүүгө болот. Миграциялык проблемалар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн башка мамлекеттердин окумуштууларынын ичинен Л.А.Арутюнян, О. Ата-Мирзоев, А.Г.Магомедова, Л.П. Максакова, И.М Прибыткова, Е.Ю.Садовская, А.У.Хомр жана башкалардын эмгектерин атап кетсек болот.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө терең изилденген эмгектерге ээ чет элдик окумуштуулардын ичинен А.Гидденс (Giddens A.), Р.Дауне (Downs R.M.), В.Зелинский (Zelinsky W.), Д.Лейдер (Layder D.), Е.Ли (Lee E.A.), Д.Массей (Massey D.), Е.Г.Равенштейн (Ravenstein E.G.), О.Старк (Stark O.), П.Стокер (Stalker P) жана башкаларды баса белгилей кетсек болот.

Заманбап этапта акчалай которуулардын макроэкономикалык таасири Р. Чами, А. Бараджас, Т. Косимано, К. Фулленкамп, М. Гапен, П. Монтьель, М. Кали, Д. Ратха, С. Мохапатра жана З. Сулардын эмгегинде толук чагылдырылган.Экономикалык өсүштү жана калктын миграциясын кыргыз экономика илиминин өкүлдөрү – Т.К Койчуев., Ж.Т. Чубурова., Дж.А.Мусаева, Ш.М.Мусакожоев, Г.В.Кумсков, А.Н.Аюпов жана башкалар активдүү изилдешкен.

Жарыяланган публикациялардын аз болгондугуна карабастан изилдөөгө муктаж азыркы убакта экономикалык өсүшкө, анын ичинен эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын трансформациялуу экономикалуу өлкөлөрдүн өнүгүшүнө таасирин тийгизген көптөгөн жаңы факторлор пайда болду. факторлордун топомунун экономиканын өнүгүүсүнүн заманбап этабында эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын көлөмүнө тийгизген таасирин концептуалдуу изилдөөлөр зарыл. Эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын Кыргызстандагы экономикалык өсүшкө тийгизген таасири жеткиликтүү изилденген эмес.

Кыргыз Республикасынын экономикасынын трансформация болуу шарттарындагы экономикалык өсүшүнө эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын таасиринин анализинин теоретикалык жана практикалык мааниси, ошондой эле теоретикалык-методикалык аспектте жеткиликтүү изилденбегендик берилген теманын изилденишинин актуалдуулугун шарттап, диссертациянын максаттарын жана милдеттерин аныктап турат.

**Диссертациянын темасынын башка ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштер менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөө Ала-Тоо эл аралык университетинин (АЭУнун) Социалдык илимдер институтунун «Экономикалык теория» кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин чегинде жүргүзүлдү жана АЭУнун Экономикалык изилдөөлөр борборунун ИИИ (Илимий-изилдөө иштер) пргограммасынын составдык бөлүгү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты болуп өлкө-донорлордун экономикалык өсүшүнө жана өнүгүүсүнө эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын таасиринин жалпытеоретикалык негиздерин иштеп чыгуу болуп эсептелет.

Коюлган максатка ылайык изилдөөнүн процессинде негизги көңүл төмөндөгү милдеттерди чечүүгө концентрацияланды:

- дүйнөлүк экономикада эмгек миграциясынын өнүгүү тенденцияларын, мыйзамченемдүүлүктөрүн, жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- мигранттардын акчалай которууларынын көлөмүнүн жана дүйнөлүк экономикадагы экономикалык өсүштүн ортосундагы өз ара байланышты ачып берүү;
- мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасирин баалоо методикасын аныктоо;
- мигранттардын акчалай которууларынын өлкөнүн экономикалык өсүшүнө тийгизген таасирине талдоо жүргүзүү (эконогметрикалык моделдин негизинде);
- Кыргызстанда мигранттардын акчалай которууларын тартуу жана аларды колдонууну ишке ашыруу боюнча (айкын) конкреттүү рекомендацияларды сунуштоо.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңычылдыгы.** Автор тарабынан алынган олуттуу жыйынтыктар жана алардын илимий жаңычылдыгы:

- дүйнөлүк экономикада эмгек миграциясынын өнүгүү тенденциялары, өзгөчөлүктөрү, мыйзамченемдүүлүктөрү аныкталды;
- мигранттардын акчалай которууларынын дүйнөлүк экономикадагы экономикалык өсүшкө тийгизген таасиринин трансмиссиондук механизми иштелип чыкты;
- мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасирин баалоо методикасы (эконометрикалык модель);
- мигранттардын акчалай которууларынын өлкөнүн экономикалык өсүшкө тийгизген кыскамөөнөттүү жана узакмөөнөттүү таасири ачылып берилди (эконометрикалык моделдин негизинде);
- Кыргызстанда мигранттардын акчалай которууларын эффективдүү колдонууну ишке ашыруу боюнча айкын сунуштар сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Иште негизге ээ болгон теоретикалык жобосу Кыргыз Республикасында миграциялык саясатты ишке ашыруу концепциясын ишке ашыруу үчүн негиз болуп бере алат. Изилдөөнүн негизинде алынган жыйынтыктар жана сунуштар экономиканы окутуу үчүн колдонула алат.

Диссертацияда каралган башка жоболор Кыргыз Республикасынын бир нече министрликтеринин кызыкчылыктарын туудура алат, анын ичинде: Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы үчүн өлкөдө экономикалык өсүштү стимулдаштыруу стратегиясын иштеп чыгууда жана мамлекеттин илимий негиздеги миграциялык саясатын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктары экономикалык теориянын категориялык аппаратын өнүктүрөт, эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасири, ошондой эле заманбап

шарттардагы миграциялык процесстердин мыйзамченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү илимий пикирлерди кеңейтет.

Теоретикалык положениялар жана сунушталган сунуштар мындан аркы эмгек миграциясы жана экономиканы трансформациялоо шарттарында экономикалык өсүштүн проблемаларын концептуалдык иштеп чыгууларда колдонула алат. Жыйынтыктарды жана сунуштарды докторанттар, аспиранттар жана аталган чөйрөдө изилдөө, окутуу иштерин жүргүзгөн адистер колдоно алышат.

Диссертациялык иштин концептуалдык жобосу жана жыйынтыктары «Макроэкономика», «Экономикалык системалардын теоретикалык анализи», «Өтмө экономиканын теориясы», «Экономикалык өсүш жана калктын миграциясы» курстарын окутууда пайдаланылмакчы.

**Коргоого алынып чыгуучу диссертациянын негизги жоболору**

Коргооого коюлуучу негизги жоболор төмөнкүлөр:

1. негизинде дүйнөлүк экономиканын өнүгүүсүнүн мыйзамченемдүүлүктөрү менен шартталган үч ири периодду белгилеп кеткен миграциянын автордук периодизациясы сунушталган;
2. мигранттардын акчалай которууларынын дүйнөлүк экономикадагы экономикалык өсүшкө тийгизген таасиринин трансмиссиондук механизми иштелип чыккан;
3. мигранттардын акчалай которууларынын Кыргызстандын экономикалык өсүшүнө тийгизген таасирин анализдөөнүн негизинде акчалай которууулардын реалдуу ВВПга тийгизген таасири болгону эки айга гана созулгандыктан кыскамөөнөттүү экендиги ачылып берилген;
4. акчалай которулардын реалдуу ВВПга тийгизен кыскамөөнөттүү таасири акчалай которуулардын агымы узакмөөнөттүү долбоорлорго инвестештирилбегендиктен, өндүрүш, калктын үчтөн бир бөлүгү жакырчылыктын чегинде жашагандыктан, акчалай зарыл тамак-аштарга, керек кылынган муктаждыктарга, узак колдонула турган товарларды сатып алууга, жашоо шарттарын жакшыртууга, билим берүүгө, карыздарды жоюуга, сактоого жана медициналык тейлөөгө сарпталгандыгы менен түшүндүрүлөт.
5. жүргүзүлгөн анализдин негизинде Кыргызстанда мигранттардын акчалай которууларын эффективдүү пайдаланууну ишке ашыруунун негизги багыттары аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Комплекстүү изилдөө дүйнөлүк экономикадагы мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасиринин теориялык негиздерин жалпылоого, системалаштырууга жана толуктоого мүмкүнчүлүк түздү. Кыргызстанда мигранттардын акчалай которууларын эффективдүү колдонууну жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыкты жана улуттук жана эл аралык семинарларда сунушталды. Диссертациялык иштин айрым жоболору Ала-Тоо эл аралык университетинде “Экономикалык өсүш жана калктын миграциясы” курсу боюнча окуу-методикалык комплексти жана

“Эмгек экономикасы” сабагы боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууда ишке киргизилди.

**Алынган жыйынтыктардын апробациясы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктарыавтор тарабынан эл аралык илимий конференцияларда баяндалды:

1. Ала-Тоо эл аралык университети (АЭУ) 2013–2017 жж.
2. М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университети (КЭУ) 2015 ж.
3. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн изилдөө борбору (RIS) Нью-Дели 2015 ж.
4. Эл аралык конференция «Глобальная миграция: переосмысление навыков, знаний и культуры», Глобальный научно-исследовательский форум по диаспоре и транснационализму, Нью-Дели, Индия, 2016 ж. 26-27 ноябрь
5. Эл аралык конференция «Внешняя и внутренняя миграции в Центральной Азии», Назарбаев университети, Астана, Казахстан, 2017 ж. 28-29 сентябрь
6. Эл аралык конференция «Центральная Азия на перекрестке», Колумбия университетинин Харриман атындагы институту, Нью-Йорк, АКШ, 2018 ж. 30 март

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын негизги жоболору 13 илимий макалаларда, алардын ичинен 4 макала чет элдик басылмаларда (РИНЦти кошкондо), жалпы 4,17 б.б. көлөмүндө жарыяланды.

**Иштин түзүмү жана көлөмү**. Диссертациянын стуктурасы илимий изилдөөнүн максаты жана милдеттери менен аныкталып турат. Диссертация киришүү, 7 параграфты камтыган үч глава, корутунду, 133 аталышты камтыган пайдаланылган адабияттардын тизмесин, 30 сүрөт жана 15 таблицаны камтыган 162 беттен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу аныкталып, максаты жана милдеттери коюлуп, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы ачылып берилген, коргоого коюлучу жоболор аныкталып, диссертациялык изилдөөнүн теоретикалык жана

**«Мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасиринин теория-методологиялык негиздери»** деп аталган биринчи главада дүйнөлүк экономикадагы эмгек миграциясынын өнүгүүсүнүн теоретикалык негиздери каралды, ошондой эле мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасирин баалоонун негизги методологиялык аспектилери каралды.

Болгон аралык ыкмалардын негизинде биз эмгек миграциясынын өзгөчөлүктөрүн, себептерин мыйзамченемдүүлүктөрүн жана жашоо

циклин ачып берүүчү эл аралык миграциянын периодизациясын калыптандырууга аракет кылдык.

Берилген диисертациялык изилдөөнүн баса белгилеп кетүүчү өзгөчөлүгү болуп негизинде дүйнөлүк экономиканын өнүгүүсүнүн мыйзамченемдүүлүктөрү менен шартталган миграциянын үч ири периоду болгон.

I. Байыркы дүйнөнүн доорундагы миграция – ресурстардын кыймылы менен шартталган.

II. Орто кылымдардын доорундагы миграция- товарлардын кыймылы менен шартталган.

III. Заманбап доордогу миграция– өндүрүштүн факторлорунун кыймылы менен шартталган: капиталдын, жумушчу күчүнүн жана технологиянын [Киреев, А. Международная экономика [Текст]: учеб.пособие для вузов:в 2 ч. / А. Киреев.- М.: Междунар. отношения, 1997.- Ч.1: Междунар. микроэкономика: движение товаров и факторов производства. – 416 с.].

Көрүп тургандай, дүйнөлүк экономикада жумушчу күчүнүн кыймылы, бир тараптан, бардык өлкөлөргө мүнөздүү жалпы экономикалык мыйзамдардын кыймылы тастыкталган, экинчи бир тараптан– заманбап этапта ага таасир эте турган атайын мыйзамченемдүүлүктөр бар.

Заманбап этаптагы жумушчу күчүнүн кыймылынын маанилүү мыйзамченемдүүлүктөрүнө төмөндөгүлөрдү киргизсе болот:

1. Миграциянын масштабынын өсүшү.
2. Бул процесстерге дагы көп өлкөлөрдүн тартылуусу.
3. Миграциялык агымдардын багытынын өзгөрүшү.
4. Багытта жаңы тенденциялардын пайда болушу, жумушчу күчүнүн миграциясынын санында жана сапатында.
5. Жумушчулардын дал жогорку квалификациясында мобилдүүлүгүн жогорулашы («акылдардын агып кетүүсү»).
6. Сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдө көрүнгөн миграциянын процесстерин көбөйүшү, эмгек агымдарынын кыймылынын багыттары жана формалары өзгөрүүгө учурады.
7. Эмиграннттардын эмгек акысынын бөлүгүнүн мекенине которуусунун натыйжасында эмгек мигрантынын мекенине келип түшкөн чет элдик валютанын топтолушунун маанилүү булагы болуп эсептелет.

Жумушчу күчүнүн өнүгүүсүнүн заманбап этабы эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын өлчөмүнүн жогорулашы менен гана эмес, алардын экономикалык өсүшү жана өлкө-донорлордун өнүгүшү үчүн чоң мааниге ээ экендиги менен мүнөздөлөт. Эмгек мигранттарыны акчалай которууларынын өлчөмдөрүнүн өзгөрүшүнүн динамикасын сүрөттөгү график көргөзүп турат.




1.1-сүрөт. Эмгек мигранттарынын акчалай которуулары млрд.долларларда.

Диссертацияда дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө Ички дүң продукциясынын (ИДП) көлөмүнө акчалай которуулардын үлүшү жогорулай тургандыгы негизделген. Тонгдун Ички дүң продукциясынын (ИДП) 37%дан көбү анын эмгек мигранттарына которулган; Лесотодо бул көрсөткүч 24%га жакындайт. Югославия, Ямайка, Албания и Никарагуалар улуттук кирешенин 10 и 20%ын экспатрианттардан алышат [World bank Databank remittances inflow, 2016 ].

Что касается доли переводных денег к объему ВВП в 2017-жылдагы ВВПнын көлөмүнө которулган акчалардын үлүшүн алсак (1.2-сүрөт), дүйнөнүн кээ бир өлкөлөрүндөгү абалды сүрөттөп турат.




1.2-сүрөт. Эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын үлүшүнүн ИДПга болгон %, 2017-ж.

Биз көрүп тургандай, Кыргызстанда которуулардын ИДПга болгон үлүшү - 37,1 пайыз, 31,2 пайыз - Гаитиде, 28 пайыз - Тажикистанда.

Эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын таасири экономикага ар түрдүү багыттуу мүнөзгө ээ экендиги диссертациянын автору тарабынан көргөзүлгөн. Ошондон улам акчалай которуулардын экономикалык өсүшкө тийгизген түз жана кыйыр таасирлерин чектөө сунуш кылынат.

Акчалай которуулардын экономикалык өсүшкө тийгизген түз жана кыйыр таасирлерине төмөндөгүлөр тиешелүү:

- инвестицияларды түз каржылоо;
- калктын чогулган акчаларын көбөйтүү;
- адамдык капиталдын өсүшү.

Акчалай которуулардын экономикалык өсүшкө тийгизген кыйыр таасиринин спектри ар түрдүү мүнөздө:

- ички жана чет элдик товарларды колдонуунун өсүшү;
- жумушчу күчтөрдүн өлкө-экспортерлорго сырткы насыяларды көбүрөөк тартуу мүмкүнчүлүгү.

Акчалай которуулардын экономикалык өсүшкө, башкача айтканда жумушчу күчтөрүнүн өлкө-экспортторунун экономикасына тийгизген таасииринин эки ача мүнөзү оң жана терс эффектеринин болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө жана өнүгүүгө тийгизген таасиринин позитивдүү эффекттери:

- калктын жакырчылыгын кыскартуу;
- акчалай которуулар жагымсыз окуялардын таасирин, анын ичинде инфляцияны, табигый кырсыктарды жоюуга жардам берет.

Акчалай которуулардын экономикалык өсүшүнө тийгизген таасиринин негативдүү эффект катары белгилей кетсек:

- жумушчу күчүн сунуштоонун кыскаруусу;
- акчалай которууларды алуучу өлкөлөрдөн товарларды экспорттоонун конкурентжөндөмдүүлүгүнүн азайышы;
- иш активдүүлүгүнүн циклдеринин көрүнүктүүлүгүнүн күчөшү.

Автор тарабынан акчалай которуулардын трансмиссиондук механизминин схемасы сунушталат:




1.3 – сүрөт. Акчалай которуулардын трансмиссиондук механизминин схемасы:

Мындай алганда акчалай которуулардын экономикага тийгизген таасирин толук аныктап берүүчү өз ара байланыштар татаал мүнөзгө ээ, дал ошондуктан, алардын жыйынтыктоочу эффекттеринде сапаттык методдорду колдонбостон жалпылык чыгаруу кыйын .

Мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасирин баалоодо кеңири таралган методдор болуп Auto Regressive Distributed Lag modelling (ARDL), VAR-модели, PanelData эсептелет.

Мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасирин баалоонун сандык методдорун үйрөнүүнүн негизинде акчалай которуулардын механизмин изилдөө жана откликтин импулстук функцияларын баалоо үчүн өнүккөн өлкөлөр үчүн ылайыктуу метод болуп «вектордук авторегрессиялардын (VAR approach) мамилеси»деген жыйынтыкка келебиз. Бул анализ 1970-жылы Кристофером Симс тарабынан сунушталган. Бул ыкманы Abu Siddique, E. A. Selvanathan, Saroja Selvanathan, Aysil Tansel, PinarYasar сыяктуу окумуштуулар пайдаланышкан.

**«Мигранттардын акчалай которуулары жана алардын Кыргызстандын экономикалык өсүшүнө тийгизген таасири» деп аталган экинчи главада** исследованы особенности развития трудовой миграции в Кыргызстандагы эмгек миграциясынын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, ошондой эле мигранттардын акчалай которууларынын өлкөдөгү экономиканын өсүшүнө тийгизген таасири изилденди.

Миграциянын масштабарынын өсүшү- бул базар экономикасына мүнөздүү мыйзамченемдүү көрүнүш. Ал ошондой эле өлкөлөрдүн ортосундагы капиталдын кыймылынын процесси, сырткы соода байланыштардын өнүгүүсү, эл аралык экономикалык интеграциясы катары мыйзамченемдүү. Бул мыйзамченемдүү процесстин көрүнүшү Кыргыз Республикасында да байкалган. Изилдөөнүн жүрүшүндө калктын абалынын төмөндөшү менен өлкөдөгү миграциялык процесстин өнүгүүсүнүн ортосундагы мыйзамченемдүү байланыш ачылып берилген.

Ошондой эле, республикадагы миграциялык процесстер акчалай которуулардын көлөмүнүн өзгөрүшүнүн динамикасы сыяктуу эле өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жана типтүү башка факторлор (союздук байланыштардын дезинтеграциясы, приватташтыруу жоюлган ишканаларды ликвидациялоо, талап менен жумушчу күчүн сунуштоонун ортосундагы дисбаланс, жашоо деңгээлинин төмөндөшү, массалык жумушсуздук) менен катар атайын факторлорго ээ.

Расмий баалоолор боюнча тышкы эмгек миграциясына 1 миллионго чейин адамдар тартылган. Бул өлкөнүн калкынын жалпы санынын болжол менен 20%ын түзөт.

Акчалай которуулардын көлөмүнүн динамикасын сүрөттө сунушталган маалыматтар мүнөздөп турат.




2.1 - сүрөт. Кыргызстандагы акчалай которуулардын көлөмүнүн динамикасы (2004-2017-жж.)

Улуттук банктын маалыматы боюнча (2.1-сүрөт), 2005-2012-жж. аралыгында Кыргыз Республикасына болгон акчалай которуулардын агымы 6,8 эсе көбөйгөн (297,7 млн. доллардан 2 017,9 млн. долларга чейин) [Кыргыз Республикасынын улуттук банкынын бюллетени №1, 2013. 120-б. ].

Мигранттардын акчалай которууларынын агымы ар түрдүү каналдар боюнча көргөзүлүүчү расмий чет элдик финансылык жардамдын көлөмүн 2 эседен ашык көтөрүп турат жана жакырчылык менен күрөшүүчү эффективдүү курал болуп эсептелет. Алардын жардамы менен «өзүнө

жардам берүү» принциби жүзөгө ашырылат. Мигранттар иштеп тапкан акчалай адамдык капиталды жүзөгө ашыруу үчүн олуттуу мааниге ээ социалдык которуулар сыяктуу шайкеш келүүчү каражаттарды интерпритациялоого мүмкүнчүлүк берүүчү медициналык кызматтарга, билим берүүгө төлөө үчүн активдүү колдонулат.

Акыркы бир нече жылдардын аралыгында Кыргызстандын атуулдарынын эмгек миграциясы чет өлкөдө өлкөнүн макроэкономикалык абалына көрүнүктүү таасирин тийгизе алды. Мигранттардын акчалай которууларынын макроэкономикалык ролунун көрсөтмөлүү иллюстрациясы болуп ИДПнын пайыздарында көрүнүп турган алардын величинасынын өсүшү эсептелет [Воздействие мирового экономического кризиса на трудовую миграцию из Кыргызстана в Россию: Качественный обзор и количественное исследование. – Б.: 2009. С.57].




2.2 - сүрөт. Мигранттардын акчалай которууларынын агымынын величинасынын Кыргыз Республикасындагы ВВПга мамилеси [Диаграмма составлена автором по данным Национального банка Кыргызской Республики // Бюллетень НБКР №1, 2013]

2.2 - сүрөттө берилген маалыматтардан,которуулардын өлкөнүн ВВПсына болгон үлүшү жыл сайын жогорулагандыгы байкалат. 2012-жылы өлкөгө келип түшкөн акчалай которуулардын жалпы суммасы ВВПнын 30%ын түзгөн жана дүйнөдөгү эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бир болгон.

Бүткүл дүйнөлүк банктын маалыматтары боюнча мигранттардын акчалай которууларынын көлөмү 2013- жыл үчүн ВВПнын 31,1% ын, 2014-жылы – дээрлик үчтөн бирин (2,370 млрд долл.) [World Bank data] түзгөн.

Акчалай которуулардын Кыргыз Республикасындагы экономикалык өсүштүн темпине тийгизген таасирин эконометрикалык моделдердин жардамы менен изилдейбиз. Биздин изилдөөдө «вектордук автогрессиялардын мамилеси (VAR approach)» колдонулат. Биздин изилдөөнүн маалыматтык базасы болуп 2005-жылдын январь айынан 2012-жылдын декабрь айына чейинки КРУБнын айлык статистикалык маалыматтары пайдаланылды. Бүт өзгөрмөлөр эндогендиктер:GDP -

реалдуу ИДПнын индекси; CPI- керектөөчү баалардын индекси; REMIT – акчалай которуулардын (млн. долл.) индекси; EXRATE – сомдун АКШ долларына болгон номиналдуу курсунун индекси; IMPORT – импорттун индекси; RESERVES –эл аралык резервдердин индекси (млн. долл.) катары алынды. .

Мындай алганда, акчалай которуулардагы өзгөрүүлөр реалдуу ВВПга таасир этүүчү биргелешкен талаптын, импорттун, валюталык курстун өзгөрүшүнө алып келет.

Анализдин жыйынтыгы боюнча сомдун номиналдуу курсунун АКШнын долларынын курсуна болгон жана инфляциянын (EXRATE-CPI) акчалай которуулар менен ВВПнын реалдуу көлөмүнүн (CPI-GDP_NOM_SA, REMIT - GDP_REAL) ортосундагы, акчалай которуулар менен импорттун (REMIT-IMPORT) ортосундагы себеп-тергөө байланыштар ачып көрсөтүлгөн. Көптөгөн өзгөрүүлөр себеп-тергөө байланышына ээ эмес болгон. Статистикалык мүнөздөмөлөр акчалай которуулардын шогунун номиналдуу ИДПга, доллардын курсуна, эл аралык резервдерге тийгизген таасири статистикалык жактан олуттуу эместигин тастыктап турат. Которулган акчалайлардын макроэкономикалык көрсөткүчтөргө олуттуу эмес таасиринин себеби болуп Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын изилденип жаткан мезгил аралыгында валюталык рыноктогу жогорку интервенциясы эсептелет. Экономикада чет элдик валюталардын интервенциясын кең масштабда колдонуу акчалай которуулардын валютанын курсуна тийгизген таасиринин эффективдүүлүгүн алсыратат жана курстун чукул өзгөрүүлөрүн жымсалдайт.

Биз тараптан жүргүзүлгөн анализ Ирадиан (Iradian, 2007) сыяктуу окумуштуулардын жалпы изилдөөлөрүнүн жыйынтыгына шайкеш келген акчалай которуулардын реалдуу ВВПнын өзгөрүүсүнө статистикалык олуттуу таасирин ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди [Iradian G. (2007) Rapid Growth in Transition Economies: Panel Regression Approach, Working Paper No. 07/170, International Monetary Fund, Washington, D.C.]. Ал, регрессивдүү мамиленин панелин колдонуу менен түшүндүрүлүп жаткан алмашуулардын кеңейтилген топтомун мурунку өтмө экономикалуу өлкөлөрдүн өсүш факторлорун эмпирикалык изилдөөлөр менен салыштыруу жана продукциянын көлөмүн калыбына келтирүү индексин, эмгекчилердин акчалай которууларын, ЕБРРнын рыноктук реформаларынын соода шарттарын жана индексин кошуп анализдеди. Ошондой эле ал акчалай которуулардын ВВПга болгон мамилеси реалдуу ВВПнын калктын өсүшү жана өтмө экономикалуу өлкөлөрдөгү өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүнүн факторлорунун жалпы өсүшү менен түздөн-түз байланыштуу экендигин тапты [Купец, О. Развитие и побочные эффекты денежных переводов мигрантов в странах СНГ: Украина, CARIM-EastRR 2012/06, Robert Schuman Centre for Advanced Studies, San Domenicodi Fiesole (FI): European University Institute, 2012. Стр. 16.].

Кыргыз Республикасынын мисалындагы биздин эмпирикалык анализ жыйынтыктары боюнча өтмө экономикалуу башка өлкөлөрдөн бир

аз айырмаланып турат. Бул моделдин негизиндеги алынган жыйынтыктардын билдирүү функциялары реалдуу ВВП жана акчалай которуулардын ортосундагы ачылып берилген статистикалык байланыш үй чарбачылыгын пайдалануу аркылуу каржыланары тастыктап турат. 2.3-сүрөттө берилген маалыматта көрүнүп тургандай реалдуу ВВП биринчи айдан экинчи айга оң болуп, бара-бара таасирин жоготкондугу билинип турат. Үчүнчү айдан тартып терс таасир, ал эми төртүнчү айда кайрадан оң реакция берет.




2.3- сүрөт. Диаграмма. Акчалай которуулардын өзгөрүүсүнө ВВПнын таасири

Которулган акчалайлардын реалдуу ВВПга тийгизген таасири болгону эки айга гана созулат. Кыскамөөнөттүү таасир которулган акчалайлардын агымы биринчиден узак мөөнөттүү долбоорлорго, өндүрүшкө инвестицияланбагандыгы менен жана калктын жарымынан көбү жакырчылыктын чегинде жашагандыгы жана акчалай эң эле зарыл болгон азык-түлүктөргө жумшалгандыгы менен түшүндүрүлөт. Жалпысынан, мигранттардан алынган акчалай которуулар үй чарбачылыгында күнүмдүк муктаждыктарга, узак мөөнөттүү колдонула турган товарларды сатып алууга, жашоо шарттарын жакшыртууга (үй же квартира сатып алуу же аны оңдоп-түзөөгө), билим алууга, карыздарды жоюуга, медициналык тейлөөлөргө сарпталат. Узак мөөнөттүү экономикалык долбоорлорго каражаттарды салуу чектелген мүнөзгө ээ экендиги ачык эле көрүнүп турат.

Экинчиден, үй чарбачылыгына сатып алынган товарлар негизинен импорттук болгондуктан, Кыргызстан импортко көз каранды өлкө болгондуктан, тактап айтканда импорт экспорттон -3690.7 млн долларга жогору (2012-жылдагы маалымат боюнча) [Бюллетень НБКР 1/2013Стр. 126.]. Бул которулган акчалайлар өлкөдөн эки айдын ичинде чыгарылып кетери жана экономикага тийгизген таасирин жоготору менен түшүндүрүлөт.

2.1-таблицада берилген маалыматта көрүнүп тургандай, Реалдуу ВВПнын дисперсиясын бөлүү анализи ВВПнын 17%дуу өзгөрүүсү ВВП

(GDP_REAL) акчалай которуулардан (REMIT), ал эми 5% –импорттук товарлардан (IMPORT), көз каранды экендигин көргөзүп турат.

2.1– таблица Реалдуу ВВПнын дисперсиясынын бөлүштүрүлүүсү **(в %)**

| **Реалдуу ВВПнын дисперсиясынын бөлүштүрүлүүсү (GDP_REAL):** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мезгили | S.E. | REMIT | GDP_REAL | IMPORT |
| 1 | 17.62460 | 17.19623 | 82.80377 | 0.000000 |
| 2 | 19.80912 | 16.93376 | 78.29864 | 4.767596 |
| 3 | 20.23851 | 17.22025 | 77.77078 | 5.008967 |
| 4 | 20.31625 | 17.28230 | 77.71560 | 5.002106 |
| 5 | 20.32970 | 17.29328 | 77.70910 | 4.997624 |
| 6 | 20.33195 | 17.29510 | 77.70824 | 4.996664 |
| 7 | 20.33232 | 17.29539 | 77.70812 | 4.996495 |
| 8 | 20.33237 | 17.29543 | 77.70810 | 4.996467 |
| 9 | 20.33238 | 17.29544 | 77.70810 | 4.996462 |
| 10 | 20.33238 | 17.29544 | 77.70810 | 4.996462 |
| 11 | 20.33238 | 17.29544 | 77.70809 | 4.996462 |
| 12 | 20.33238 | 17.29544 | 77.70809 | 4.996462 |
| **Чолескийдин ырааттуулугу:**GDP_REAL | | | | |

Берилген маалыматтын функциясынын модели статистически значимую связь между ВВП менен акчалай которуулардын ортосундагы стастикалык жактан маанилүү байланышты көргөзүп турат. Ошондуктан мигранттардын которулган акчалайларын кыскамөөнөттүү аралыктагы экономиканы өнүктүрүүгө колдонууга болот. Акчалай которуулардын экономикага тийгизген таасирин узагыраак кылуу үчүн мигранттардын акчалайларынын агымын өндүрүштүк капиталдын инвестициясына жумшоо керек.

Жогоруда белгилеп кеткендей, мигранттардан алынган акчалай которуулар үй чарбасындагылар тарабынан керек-жарак муктаждыктарына жана негизинен импорттук товарларды сатып алууга сарпталат.

Мындай алганда акчалай которуулардын экономиканын өнүгүүсүнө тийгизген таасиринин эконометрикалык анализинин жыйынтыктары бир нече жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1) Реалдуу ВВПнын өсүшү өлкөдөгү импорттун өсүшүнөн көз каранды;
2) Акчалай которуулардын экономиканын өнүгүшүнө тийгизген таасири тикеден-тике үй чарбасындагылардын муктаждыктарын импорттук азыктар менен канааттандыруу аркылуу ишке ашары. Дал ошондуктан таасирдин мөөнөтү болгону эки айга гана созулат жана алынган жыйынтыктар статистикалык жактан маанилүү.

Ошондой болсо дагы, акчалай котруулардын реалдуу ВВПга тийгизген таасири анализдин жыйынтыктары боюнча статистикалык жактан маанилүү болуп эсептелет.

2.2-таблица – Акчалай которуулардын реалдуу ВВПга тийгизген таасиринин регрессиондук анализи

| Көз каранды өзгөрүлмө: GDP_REAL | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ыкма: Аз чарчыныкы | | | | |
| Мезили: 2004:01 2011:12 | | | | |
| Байкоолордун саны: 96 | | | | |
| Өзгөрүлмө | Коэффициент | Стандарттык ката | t-статистика | Ыктымалдык (Prob.). |
| C | 34.58936 | 10.66086 | 3.244518 | 0.0016 |
| REMIT | 0.235586 | 0.103490 | 2.276407 | 0.0251 |
| IMPORT | 0.433352 | 0.096309 | 4.499615 | 0.0000 |
| R-squared | 0.335055 | Meandependentvar | | 104.3115 |
| Durbin-Watsonstat | 2.557666 | Prob(F-статистика) | | 0.000000 |

GDP_REAL = 34.58936167 + 0.2355862374*REMIT + 0.4333523272*IMPORT

Акчалай которуулардын 1%га жогорулоосу реалдуу ВВПнын 0,23%га жогорулашына алып келет. Башкача айтканда таасир статистикалык жактан маанилүү.

Мигранттардын акчалай которууларын экономиканын өнүгүүсүнүн негизги элементи болуп эсептелген н өндүрүштүк капиталдын инвестициясына жумшоо менен которулган акчалайлардын экономиканын өсүшүнө тийгизген таасиринин узак болуусун жогорулатса болот.

Изилдөөнүн негизинде дүйнөлүк кризистин убагында акчалай которуулардын көлөмүнүн түшүп кетиши Кыргыз Республикасындагы өндүрүштүн түшүп кетишинин себеби болбогондугуна күбө болобуз. Бул төмөндөгүдөй түшүндүрүлөт:

Биринчиден, акчалай которуулар экономикалык өсүшкө базардагы эмес керек-жарак товарларына болгон талап аркылуу кыйыр таасир этет;

Экинчиден, кыргыз сомунун валюталык курсунун бир далай девальвациясы реалдуу көрүнүштө жана улуттук валютада акчалай которуулардын көлөмүнүн жана үй чарбачылыгынын кирешесинин түшүшүн басаңдатты;

Үчүнчүдөн, алмашуу курсунун реалдуу девальвациясы керектөөчүлөрдүн импорттук товарлардан базардык эмес керек-жарак товарларына өтүшүн жөнгө салды. Акчалай которуулардан көз карандылар тарабынан импорттук товарларга болгон талап рыноктук эмес товарларга караганда ийкемдүүрөөк экендигин белгилеп кетсек болот. Импорттук керек-жарак товарларын көп колдонуунун реалдуу кыкаруусу ата-мекендик базардык эмес товарлардын көп колдонулушуна шарт түзүп, Кыргызстандагы өндүрүштүн түшүп кетишинен кутулаага алып келди.

Мындай алганда, которуулар негизинен экономикага инвестиция катарында эмес, күнүмдүк керек-жаракка, жашоо курулуштарына колдонууну жогорулатуу үчүн колдонулат.

**«Кыргызстанда мигранттардын акчалай которууларын эффективдүү пайдаланууну ишке ашыруунун жолдору» деп аталган үчүнчү главада** Кыргызстанда мигранттардын акчалай которууларын

эффективдүү пайдаланууга тоскоолдук келтирүүчү негизги көйгөйлөр аныкталган жана аларды ишке ашыруунун негизги багыттары, анын ичинде чет элдик оң тажрыйбаларды колдонуу негизделген.

Республикадагы мигранттардын акчалай которууларын эффективдүү пайдалануу боюнча көйгөйлөрү бар экендиги фактын констатациялоо менен автор аларды ачып берүүнүн зарылдыгын белгилеген көз караштты олуттуу негиздейт. Ошондуктан, автор мигранттардын көз карашынан алынган көйгөйлөрдүн төмөндөгү группаларын бөлүп көргөзөт::

- эмгек мигранттарынын чет өлкөлөрдө корголбогондугу;
- мигранттардын акчалай которууларынын күнүмдүк керек-жаракка колдонулгандыгы жана жыйынтыгында, эмгек мигранттар кайтып келгенде акчалайсыз, жумушсуз, запассыз, пенсиясыз калары;
- аларды тартуу, кайтаруу жана алардын акчалайларын өлкөнүн өсүшүнө, өнүгүшүнө пайдалануу механизми ойлонулган эмес.

Мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасиринин көйгөйлөрүнө автор мөмөндөгүлөрдү киргизет:

- Мигранттардын акчалай которууларынын ВВПга үлүшү 33 пайызды түзөт;
- Өлкөнүн Орусиянын экономикасына болгон көз карандылыгынын жогору экендигин эске алып, өлкөнүн экономикасы сырткы чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө туруксуз экендигинде күмөн жок. Ал тургай орус экономикасы калыбына келгенден кийин деле өлкөнүн акчалай которуулардан болгон көз карандылыгы жогорку деңгээлде калууда, дайыма башка же андан дагы чоң экономиканын түшүп кетүү коркунучу бар. Эгерде мигранттарды колдоо, акчалай которууларды эффективдүү пайдаланууну жогорулатуу үчүн орто жана узак мөөнөттүү пландар иштелип чыкпаса, төмөнку эмгек акы менен иштеген эмгек мигранттарынын акчалай которуулары узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүүнү кармап туруу үчүн жетишсиз болуп саналат;
- Акчалай которуулардын реалдуу ВВПга тийгизген кыскамөөнөттүү таасири калктын үчтөн бир бөлүгү жакырчылыктын чегинде жашап, акчалайлар биринчи эң зарыл азык-түлүктөргө, керек-жарак муктаждыктарына, узак мөөнөттө колдонулуучу товарларды сатып алууга, жашоо шарттарын жакшыртууга, карыздарын жоюуга , билим берүүгө, медициналык тейлөөлөргө сарпталгандыктан, акчалай которуулардын агымы узакмөөнөттүү долбоорлорго, өндүрүшкө инвестицияланбагандыгы менен түшүндүрүлөт.

Кыргыз Республикасында эмгек мигранттардын акчалай которууларын эффективдүү эмес пайдаланган себебинен мигранттардын акчалай которууларын трансформациялоо механизмин жана шарттарды түзүү зарылчылыгы өсүп жетилди. Акчалай которууларды сактоо боюнча механизмдер болбогондуктан, акчалай которуулардын көп бөлүгү күнүмдүк керек-жаракты колдонууга сарпталат.

Автор Кыргызстанда эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын потенциалын өнүктүрүү жана аны кайрадан бөлүштүрүү мүмкүн экендигин, баарынан мурда ата-мекендин экономикасына көптөгөн акчалай каражаттарын инвестициялоо үчүн мотивдештирүү системасын түзүүнүн негизинде экендигин тастыктап, төмөндөгү негизги багыттарды өзүнө камтыйт:

- Мамлекет тарабынан кепилдиги бар каржылык инструменттерге мүмкүнчүлүгү боло турган каржылык инвестициялык механизмдерди түзүү зарыл. Мындай иш-аракеттердин бири болуп мамлекеттик пайыздык баалуу кагаздар «Diaspora Bond» боло алат жана мигранттар бул кагаздарды иштеп жаткан өлкөдөгү диаспоралар аркылуу же башка каржылык институттар аркылуу сатып ала алышмакчы. Мультипликативдик эффект катары мигранттардын коркунучсуз инвестициялардын мүмкүнчүлүгүн алуусу жана мамлекеттин мамлекеттен тышкары «узак акчалай» түрүндөгү кошумча инвестициялык ресурска ээ болуусун эсептесек болот.
- Ал жерлерде кичи жана орто бизнести өнүктүрүү үчүн консалтингово-маалыматтык борборлорду түзүү. Анын ичинде эмигранттардын ишинин башталып кетиши үчүн жана иштин башталышында ар түрдүү тоскоолдуктарсыз иштеп кетиш үчүн ресурстарды, иш орундарын колдонуу мүмкүнчүлүгүн бере турган эркин экономикалык борборлорду түзүү. Ошондой эле толук бир жылга салыктардан, социалдык которуулардан бошотуп, фискалдуу жана башка текшерүүлөрдүн мораторийине кепилдик берилиши керек.
- Ал жерлерде калктын суроо-талаптарын ачып көрсөтүү, дал ошол регионго тиешелүү атаандаштыкка жөндөмдүү продукциянын өндүрүшүн жөнгө салуу максатында «Бир регион- бир продукт» принциби боюнча өздөрүнүн мигранттарынын каражатарынын эсебинен өз акчалайларын өздөрү үчүн гана эмес жергиликтүү сырье, продукцияларды колдонуу менен айылдын бардык жашоочулары үчүн жумушчу орундарын түзүү, жергиликтүү кеңештердин мүчөлөрүнөн жана Аксакалдар кеңешинин мүчөлөрүнөн координациялык кеңештерди түзүү.
- калктын сырткы эмгек миграциясынын процесстерин укуктук регулдаштырууга багытталган мамлекеттик саясат эмгектин сырткы рыногунда абалды жумшартуу, адистрдин квалификациясын жогорулатуу, өндүрүшүтүк жана эмгектик процесстерди уюштуруунун жаңы методдорун өздөштүрүү, өлкөнүн экономикасына акчалайнын түшүшүн жогорулатуу максатында жумушчу күчүнүн экспортун стимулдаштырууга багытталышы керек.
- мамлекеттин мигранттар менен бирге иш алып баруусунуну стратегиясын иштеп чыгуу. Ал мигранттардын чет жакка чыгуусуна, ал жакта ишке орношуусуна, материалдык жактан камсыздалып, иш тажырыйбасы менен, жогорку квалификациялуулугу менен, ишкана, бизнести өнүктүрүүгө тиешелүү креативдүү ойлору жана өз өлкөсүндө

жумушчу орундарын түзүү мүмкүнчүлүгү менен кайтып келишине шарт түзүшү керек.

## КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде төмөндөгү корутундулар чыгарылып, сунуштар киргизилди:

1. Диссертациялык иште трансмиссиондук механизмге ээ эмгек мигранттарынын «акчалай которуулар» категориясын түшүндүрүүчү теоретико-методологиялык мамилелери ачылып берилген.

2. Эмигранттардын эмгек акыларынын бир бөлүгүнүн мекенине которулгандыгынан улам миграция акчалай түшүүнүн маанилүү булагы болуп жаткандыгы көргөзүлгөн.
3. Заманбап этапта жумушчу күчүнүн кыймылынын маанилүү мыйзамченемдүүлүктөрү ачылып берилген: миграциянын масштабынын өсүшү, бул процесстерге көптөгөн сандагы өлкөлөрдү тартуу, миграциялык агымдын багыттарын өзгөртүү, багытта жана жумушчу күчүнүн миграциясынын санында жана сапатында жаңы тенденциялардын пайда болушу, жумушчулардын дал ошол жогорку квалификациясын жана мобилдүүлүгүн жогорулатуу «акылдардын агып кетүүсү» («утечка умов»), сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдө көрүнгөн миграциянын процесстерин интенсификациялоо: эмгек агымдарынын кыймылынын багыттары жана формалары өзгөрүлөт.
4. Заманбап этапта жумушчу күчүнүн кыймылынын негизги тенденциялары аныкталган: миграциянын агымдарынын региондукбагытынын өзгөрүшү; легалдуу эмес миграциянын күчөшү; эл аралык миграциянын демографиялык маанилүүлүгүн күчөшү; ОПЕК өлкөлөрүндө аз квалификациялуу жумушчу күчүнө бологн талаптын өсүшү; АКШда жогорку квалификациялуу жумушчу күчүнө болгон талаптын өсүшү (инженерлер, медициналык кызматкерлер, менеджерлер, окумуштуулар); өлкөлөрдө арзан жумушчу күчүнө ээ ишканаларды түзүү менен импортту квалификациялуу эмес жумушчу күчү менен алмаштыруу (жаңы индустриалдык өлкөлөр; жаш муундун өкүлдөрүнүн басымдулук кылуусу; аргасыз миграциянын жогорулашы; дүйнөлүк миграциялык агымдын глобализациясы (дээрлик бардык өлкөлөр тартылган; иммиграция үстөмдүк кылган өлкөлөр жана эмиграция үстөмдүк кылган өлкөлөр аныкталган).
5. Миграциянын ар түрдүү мезгилдеринин өзгөчөлүктөрүн, себептерин, мыйзамченемдүүлүктөрүн ачып бере турган миграциялык процесстин автордук периодизациясы сунушталган.

6. Изилдөөнүн жүрүшүндө калктын жашоо-шартынын төмөндөшү менен өлкөдөгү миграциялык процесстердин өнүгүүсүнүн ортосундагы мыйзамченемдүү байланыш ачылып берилген.

7. Кыргыз Республикасындагы миграциялык процесстерге таасирин тийгизген спецификалык факторлорго төмөндөгүлөрдү киргизсе болот: калктын активдүү өсүшү; тышкы миграциянын өтө эле активдүүлүгү; саясий туруксуздук; өнөр-жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн республиканын деиндустрализациясына чейин кыскарышы; Кыргызстандан эмгек мигранттарынын санынын баасынын чачыроосу; Кыргызстандын сырткы эмгек миграциясы негизинен КМШ өлкөлөрүнө багытталат.

8. Эконометрдик моделдин («VAR approach» вектордук авторегрессиянын мамилеси») жардамы менен акчалай которуулардын таасирин изилдөөнүн негизинде акчалай которуулардын реалдуу ВВПга тийгизген таасири кыскамөөнөттүү экендиги ачылып берилген. Бул акчалай которуулардын агымы биринчиден, узак мөөнөттүү долбоорлорго, өндүрүшкө инвестиялaнбагандыгы менен түшүндүрүлөт. Себеби, калктын үчтөн бир бөлүгү жакырчылыктын чегинде жашайт дагы, акчалайлар биринчи зарыл азык-түлүктөргө сарпталат. Каражаттарды узакмөөнөттүү экономикалык долбоорлорго салуу чектелген мүнөзгө ээ. Экинчиден, үй чарбачылыгынын муктаждыктары үчүн алынган товарлар негизинен импорттук товарлар болгондуктан Кыргызстан импортко көз каранды өлкө болуп эсептелет.

9. Дүйнөлүк кризистин мезгилинде акчалай которуулардын көлөмүнүн түшүп кетиши Кыргыз Республикасындагы өндүрүштүн түшүп кетишинин себеби болгон эмес. Бул төмөндөгү себептер менен түшүндүрүлөт: биринчиден, акчалай которуулар рыноктук эмес керек-жарак товарларга болгон суроо-талап аркылуу экономикалык өсүшкө кыйыр таасирин тийгизет; экинчиден, кыргыз сомунун валюталык курсунун байкалган девальвациясы реалдуу көрүнүштө кескин түшүп кеткендигин жана улуттук валютада акчалай которуулардын көлөмүн жана үй чарбачылыгында бөлүштүрүлүүчү кирешелерди басаңдатты; үчүнчүдөн, алмашуу курсунун реалдуу девальвациясы керектөөчүлөрдүн импорттук товарлардан рыноктук эмес керек-жарак товарларына өтүшүн шарттады.

10. Мекендин экономикасына көптөгөн акчалай каражаттарын инвестициялоо үчүн мотивдештирүү системасын түзүү боюнча автор тарабынан сунушталгандарды жайылтуу.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. Атабаева, Г.К. Transmission mechanism of monetary policy in Kyrgyz Republic [Текст] / Г.К. Атабаева, Н.У. Атабаев // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Специальный выпуск. – 2012. – С. 36–39.

2. Атабаева, Г.К. Проблемы миграции рабочей силы стран Центральной Азии в условиях глобализации [Текст] / Г.К. Атабаева // Alatoo Academic Studies. – 2013. – Т.8, № 2. – С. 35–40.

3. Атабаева, Г.К. Влияние денежных переводов мигрантов на экономический рост Кыргызстана [Текст] / Г.К. Атабаева, Н.У. Атабаев // Alatoo Academic Studies. – 2013. – Т.8, № 2. – С. 41-52.

4. Атабаева, Г.К. Закономерности развития миграционного процесса в течение обширного исторического периода [Текст] / Г.К. Атабаева // Alatoo Academic Studies. – 2014. – Т. 9, № 1. – С. 36–39.

5. Атабаева, Г.К. Денежно-кредитная политика Кыргызской Республики в условиях переходной экономики [Текст] / Г.К. Атабаева, Н.У. Атабаев, Х. Каракаш // РЕФОРМА. – 2014. – № 1 (61). – С. 36–39.

6. Атабаева, Г.К. Трансмиссионный механизм денежно-кредитной политики [Текст] / Г.К. Атабаева, Н.У. Атабаев // Вестник КРСУ. – 2014. – Т.14, № 8. – С. 20–24.

7. Атабаева, Г.К. Влияние денежных переводов мигрантов на динамику официального обменного курса и коэффициент долларизации (на примере Кыргызской Республики) [Текст] / Г.К. Атабаева // Вестник университета Туран. – Алматы, 2014. – № 4 (64). – С. 220–224.

8. Атабаева, Г.К. The role of remittances in the economic development of Kyrgyzstan [Текст] / Г.К. Атабаева // Alatoo Academic Studies. – 2015. – Т. 15, № 4. – С. 156–161.

9. Атабаева, Г.К. Роль денежных переводов трудовых мигрантов в экономическом развитии Кыргызстана [Текст] / Г.К. Атабаева // Вестник КЭУ. – 2015. – № 4 (34). – С. 23–25.

10. Атабаева, Г.К. Мировой опыт влияния переводов трудовых мигрантов на экономику развивающихся стран [Текст] / Г.К. Атабаева, Н.У. Атабаев, Н.С. Эсеналиева // Alatoo Academic Studies. – 2016. – Т. 16, № 3. – С. 204–210.

11. Атабаева, Г.К. Влияние человеческого капитала и денежных переводов на экономический рост в международной практике [Текст] / Г.К. Атабаева, Н.У. Атабаев // НОВЫЙ УНИВЕРСИТЕТ, Экономика и право. – Йошкар-Ола, 2016. – № 8 (66). – С. 21–25.

12. Атабаева, Г.К. Зарубежный опыт государственного регулирования потоков денежных переводов мигрантов и возможности его применения в Кыргызстане [Текст] / Г.К. Атабаева, Н.У. Атабаев // Economics. – М., 2016. – № 3 (12). – С. 31–34.

13. Атабаева, Г.К. Влияние дефицитов государственного бюджета и торгового баланса на экономику Кыргызской Республики [Текст] / Г.К. Атабаева, Н.У. Атабаев // Сибирский торгово-экономический журнал (СТЭЖ). – Омск, 2016. – № 1 (22). – С. 39–44.

**Атабаева Гульназ Кенешбековнанын 08.00.01 – экономикалык теория адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Мигранттардын акчалай которууларынын Кыргызстандын экономикалык өсүшүнө тийгизген таасири» аттуу диссертациялык ишинин**

**ТАРЖЫМАЛЫ**


**Негизги сөздөр:** эмгек миграциясы, эмиграция, эл аралык миграция, акчалай которуулар, эмгек мигранты, миграциялык агымдар, экономикалык өсүш, Ички дүң продукциясы (ИДП), керектөө, импорт.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандын экономикалык өсүшүнө мигранттардын акчалай которууларынын тийгизген таасири.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын эмгек мигранттары, айрыкча алардын акчалай которуулары.

**Изилдөөнүн максаты:** донор-мамлекеттердин экономикалык өсүшүнө жана өнүгүшүнө мигранттардын акчалай которууларынын тийгизген таасирин жалпы теориялык негизделишин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору:** изилдөө процессинде илимий таануу методу, системалык ыкма, экономика-статистикалык анализ, эсептик баалоо, салыштырмалуу анализ, комплекстүү баалоо, эксперттик баалоо усулдары колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы:** дүйнөлүк экономикада эмгек миграциясынын өнүгүү тенденциялары, өзгөчөлүктөрү, мыйзамченемдүүлүктөрү аныкталды; мигранттардын акчалай которууларынын дүйнөлүк экономикадагы экономикалык өсүшкө тийгизген таасиринин трансмиссиондук механизми иштелип чыкты; мигранттардын акчалай которууларынын экономикалык өсүшкө тийгизген таасирин баалоо методикасы (эконометрикалык модель); мигранттардын акчалай которууларынын өлкөнүн экономикалык өсүшкө тийгизген кыскамөөнөттүү таасири ачылып берилди (эконометрикалык моделдин негизинде); Кыргызстанда мигранттардын акчалай которууларын тартуу жана колдонууну ишке ашыруу боюнча айкын сунуштар сунушталды.

**Пайдалануу даражасы:** изилдөөнүн натыйжалары Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин өнүктүрүү долбоорлорунда пайдаланылышы мүмкүн жана кээ бир сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын иш-аракеттеринде колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** Бир катар теориялык жана практикалык иштелмелерди “Улуттук экономика», «Эмгек экономикасы» ж.б. предметтерди окутууда колдонсо болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Атабаевой Гульназ Кенешбековны на тему «Влияние денежных переводов мигрантов на экономический рост Кыргызстана» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.01 – экономическая теория**


**Ключевые слова:** трудовая миграция, эмиграция, международная миграция, денежные переводы, трудовой мигрант, миграционные потоки, экономический рост, Валовой внутренний продукт (ВВП), потребление, импорт.

**Предмет исследования:** влияние денежных переводов трудовых мигрантов на экономический рост Кыргызстана.

**Объект исследования:** трудовая миграция и в частности денежные переводы трудовых мигрантов в Кыргызстане.

**Цель исследования:** разработка общетеоретического обоснования влияния денежных переводов трудовых мигрантов на экономический рост и развитие стран-доноров.

**Методы исследования:** в процессе исследования применялись методы научного познания, системный подход, экономико-статистический анализ, расчетные оценки, сравнительный анализ, комплексная оценка, методы экспертных оценок.

**Полученные результаты и их новизна:** определены закономерности, особенности и тенденции развития трудовой миграции в мировой экономике; разработан трансмиссионный механизм влияния денежных переводов мигрантов на экономический рост в мировой экономике; определена методика оценки влияния денежных переводов мигрантов на экономический рост (эконометрическая модель); выявлено краткосрочное и долгосрочное влияния денежных переводов мигрантов на экономический рост Кыргызстана (на основе эконометрической модели); предложены конкретные рекомендации по совершенствованию эффективного использования денежных переводов мигрантов в Кыргызстане.

**Степень использования:** Результаты исследования могут быть использованы в разработках проектов Министерства экономики Кыргызской Республики и отдельные рекомендации могут быть использованы в работе Государственной службы миграции при Правительстве Кыргызской Республики.

**Область применения:** Ряд теоретических и практических положений диссертации могут применяться при преподавании дисциплин «Национальная экономика», «Экономика труда» и др.

**SUMMARY**

**Atabaeva Gulnaz Keneshbekovna "The impact of remittances on the economic growth of Kyrgyzstan" dissertation for the degree of candidate of economic science on the specialty 08.00.01 – economic theory**

**Keywords:** labor migration, emigration, international migration, remittances, migrant workers, migration flows, economic growth, Gross Domestic Product (GDP), consumption, imports.

**Subject of the dissertation:** the impact of remittances on the economic growth of Kyrgyzstan.

**Object of the dissertation:** labor migration and particularly remittances of labor migrants in Kyrgyzstan.

**The purpose of research:** development of general theoretical substantiation of the impact of remittances of labor migrants on the economic growth and development of donor countries.

**Methods:** during the study used scientific methods, systematic approach, economic and statistical analysis, estimates, comparative analysis, integrated assessment, methods of expert assessments.

**The novelty of the obtained results:** regularities, features and trends in the development of labor migration in the world economy were defined; the transmission mechanism of the impact of migrant remittances on economic growth in the world economy has been developed; defined method of estimating the impact of remittances on economic growth (econometric model); identified short-term and long-term impact of remittances on economic growth in Kyrgyzstan (based on an econometric model); proposed specific recommendations for improving the effective use of remittances in Kyrgyzstan.

**Extension of usage:** the results of the research can be used in the development of projects of the Ministry of Economy of the Kyrgyz Republic, the State Migration Service under the Government of the Kyrgyz Republic.

**Aspects:** Some theoretical and practical provisions of the thesis can be used in teaching "National economy", "Labor economics", etc.